КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Көк-Мойнок айыл кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз сессиясы**

**ТОКТОМ №30**

2022-жылдын "30" октябрь №30 Ак-Өлөң айылы.

**Көк- Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө**

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында, КР Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы "Элдик курултайды чакыруу жөнүндө" №284 Жарлыгына жана биринчи Элдик курултайды уюштуруу боюнча комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы "Биринчи элдик курултайга КР айыл аймактарынын жана шаарларынан делегаттарды шайлоо боюнча аткарылуучу аракеттердин НУСКАМАСЫНА" ылайык маселени карап жана талкуулап чыгып, Көк- Мойнок айыл Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк- Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 5-ноябрында саат 10:00го чакырылсын..
2. Көк- Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү Курултайынын курамы калктын санына ылайык -40 делегатан тураары белгиленсин.
3. Көк- Мойнок айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы -11 адамдан бекитилсин (№1-тиркеме)
4. Жергиликтүү калк арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 12-октябрдан 17-октябрга чейин графикке ылайык өткөрүлсүн. (№2тиркеме) жана өкүлчүлүктүн нормалары калктын санына жараша бөлүнөөрү эскертилсин.
5. Көк-Мойнок айы өкмөтү Курултайды уюштурууга, жумушчу топко ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоого милдеттендирилсин.
6. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
7. Токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Пландоо, бюджет жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Н. Абдылдаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамытбаев К.**

Тиркеме №1
Көк- Мойнок айыл кеңешинин
кезексиз сессиясы № 30 токтом
“30” 09 2022-жыл

**Көк- Мойнок айыл аймагында жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

| № | Ф.А.А. | Кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Байбосунов Сыртбай Догдурбаевич | Төрага |
| 2 | Самудинова Жазгүл Абдулдаевна | катчысы |
| 3 | Ажыбеков Эрмек Ажыбекович | мүчөсү |
| 4 | Жоламан уулу Мөлтүр | мүчөсү |
| 5 | Сабырбек уулу Бактыбек | мүчөсү |
| 6 | Ташматова Саадат Осмонкуловна | мүчөсү |
| 7 | Сасыков Жекшеналы Табалдиевич | мүчөсү |
| 8 | Элалов Бактыбек Элалович | мүчөсү |
| 9 | Абдылдаева Нуркүмүш Султангазиевна | мүчөсү |
| 10 | Рыскелдиев Каныбек Зарылыкович | мүчөсү |
| 11 | Мураталиев Мирлан Айтбекович | мүчөсү |

Катчы Самудинова Ж.

Тиркеме №2
Көк- Мойнок айыл кеңешинин
кезексиз сессиясы № 30 токтом

"30" 09 2022-жыл

**Көк- Мойнок айыл аймагында жергиликтүү Курултайына делегаттарды көрсөтүү боюнча өткөрүлүүчү чогулуштардын (жыйындардын)**
**ГРАФИГИ**

| № | Өткөрүлүүчү орду | Убактысы | | Калктын саны | Делегаттардын саны | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Күнү | сааты | | | |
| 1 | Ак-Өлөң айылы | 15.10.22 | 10:00 | 2152 | 22 | Байбосунов Сыртбай Догдурбаевич, Самудинова Жазгүл Абдулдаевна, Ажыбеков Эрмек Ажыбекович, Жоламан уулу Мөлтүр |
| 2 | Көк-Мойнок-1 айылы | 17.10.22 | 10:00 | 1014 | 11 | Сабырбек уулу Бактыбек, Ташматова Саадат Осмонкуловна, Сасыков Жекшеналы Табалдиевич, Элалов Бактыбек Элалович |
| 3 | Көк-Мойнок-2 айылы | 12.10.22 | 10:00 | 630 | 7 | Абдылдаева Нуркүмүш Султангазиевна, Рыскелдиев Каныбек Зарылыкович, Мураталиев Мирлан Айтбекович |

Катчы Самудинова Ж.